**Экономика жана каржы кафедрасынын ачык сабактарды өтүүсүнүн**

# №1 ПРОТОКОЛУ.

Ош шаары, ОшТУ 18-октябрь, 2023- жыл

Э(БУиА)-1-21, Э(ФиК)-1-21

**Президиумдун мүчөлөрү:**
Зикираев М.Т. – доц., э.и.к., кафедра башчысы
Баймуратов А.А. – проф., э.и.к.
Кутманбекова А.А. – проф., э.и.к.
Батыр уулу А., Парпиева Ф.С. – э.и.к.
Омошева Б.И., Жолдошов Б.Р. – доцент ОшТУ
ага окутуучулар: Дыйканова Г.А., Кадырова Т.К., Жусупова Г.Д., Кайыпкулова А.С.
окутуучулар: Кудайбердиева А.С., Пазылова А.С.
Факультеттин УКнин төрагасы: доц. Орозмаматова Ж.Ш.
Катышкандар: Умаров С.А., Мадалиева Ж.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1. ага окутуучунун м.а. Т.Э.Керимбаеванын "Коммерциялык банктардын активдүү жана пассивдүү операциялары" деген темада өткөргөн ачык сабагын талкуулоо.**

Чогулушту "ЭжФ" кафедрасынын башчысы Зикираев М.Т. ачты.

**доц. Зикираев М.Т.:** Ачык сабак графиктин негизинде өтүлдү. Лекциялык сабак өз убагында башталды. Окутуучунун сабакты баштоосу, студенттер менен иш алып баруусу, өзүн эркин сезүүсү жогорку деңгээлде. Ачык сабакты өтүүдө бардык интерактивдик усулдар колдонулду. Студенттер менен өз ара байланыш жакшы деңгээлде. Ачык сабак өз максатына жетти.

**доц. Умаров С.А.:** Ачык сабак жакшы деңгээлде өттү деп айта алам. Себеби сабак өтүүдө студенттерге слайддарды көрсөтүп, жаңы ыкмалар менен сабак өттүң. Сабакта интерактивдүү усулдар колдонулду. Сабакта окутуучунун өзүн алып жүрүүсү жогорку деңгээлде.Ачык сабак өз максатына жетти.

**доц. Жолдошов Б.Р.:** Сабак өз убагында башталды. Студенттердин сабакка катышуусу жакшы, бирок кечигип келген студенттер башка студенттерге бир аз ыңгайсыздыкты жаратты. Лекциялык сабак өз нугунда өттү. Лекциялык материалдар жакшы даярдалган. Слайддар студенттер үчүн кызыктуу түзүлгөн. Материалдар жеткиликтүү, түшүнүктүү болду. Окутуучу

менен студенттердин ортосунда байланыш жогорку деңгээлде. Ачык сабак өз максатына жетти.

**доц. Орозмаматова Ж.Ш.:** Ачык сабактын жүрүүсү боюнча мен корутундулап кетсем. Ачык сабак жогорку деңгээлде өттү. Лекцияда интерактивдүү усулдар колдонулду. Материалдар жакшы түзүлгөн. Бирок ошол материалдарды бизге дагы берип койсоңуз жакшы болмок. Окутуучунун лекцияны студенттерге түшүндүрүүсү дагы жогорку деңгээлде. Сабакта өзүн алып жүрүү этикасы, түшүндүрүү маданияты, студенттер менен болгон мамилеси талапка жооп берет. Бир кемчилик уюштуруу иштери бир аз өз убагында болбоду, себеби студенттерди жоктоо, журналды толтуруу сабактын акырында аткарылды.

Усулдук комитет тарабынан бир сунуш, Т.Э.Керимбаеваны ага окутуучулук ваканттык орунга сунуштама беребиз.

Жыйынтыктап айтканда ачык сабак өз максатына жетти.

Жогорудагы күн тартибиндеги маселени карап чыгып, кафедра жамааты төмөнкүдөй токтом кылат.

**Токтом:**

1. Ачык сабакка катышкан окутуучулардын корутундусунун негизинде ага окутуучунун м.а. Т.Э.Керимбаеванын өткөргөн ачык сабагы өз максатына жетти.

**Жыйындын төрагасы:** **доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**

**«Акча, кредит жана банк» предмети боюнча**

**ачык сабактын планы**

**Сабакты өтүү күнү:** 18-октябрь, 2023-жыл

**Орду жана убактысы:** 1/504-ауд., 5-этаж, саат $8^{30}$

**Тайпасы:** Э(ФжК)-21, Э(БУиА)-21

**Ачык сабактын темасы:** «Коммерциялык банктардын активдүү жана пассивдүү операциялары»

**Сабакты уюштуруу**: (3 мин.)

1) Студенттерди жоктоо, маркер, бор, тряпка ж.б.

2) Көрсөтмө куралдар: проектор, ноутбук, плакаттар, слайддар, таркатылуучу материалдар.

**Сабактын түрү**: лекция

**Сабактын максаты**: Коммерциялык банктардын активдүү жана пассивдүү операциялары, алардын аткарган негизги кызматтары жөнүндө студенттерге жалпы маалымат берүү. Коммерциялык банктардын коомго тийгизген таасирин жана жеке жана юридикалык жактар менен кызматташуусун талдоо.

**Сабактар аралык байланышы**: «Финансы», "Макроэкономика", «Банктар жана банк ишмердүүлүктөрү», «Баалуу кагаздар рыногу» жана предметтери менен тыгыз байланышта.

**Сабактын методу**: интерактивдүү, мээге чабуул.

**Сабактын жүрүшү**:

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн суроолор:** (5-10 мин.)

*Суроолор*:

1. Коммерциялык банктар кандай функцияларды аткарат?
2. Коммерциялык банктардын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты эмнеде?
3. Коммерциялык банктар – валюта рыногунун катышуучусу катары.
4. Коммерциялык банктардын негизги ресурстары.
5. Коммерциялык банктардын коомдогу орду.
6. Коммерциялык банктарды ачуу жана уюштуруу структурасы.

7. Коммерциялык банктардын башкаруу структурасы кандай?

**Жаңы теманын планы**: (50-60 мин.)

1) Коммерциялык банктардын пассивдүү операциялары.

2) Коммерциялык банктардын активдүү операциялары.

**Жыйынтыктоо**:

*Суроолор:* (5 мин.)

1) Коммерциялык банктардын пассивдүү операциялары деген эмне?

2) Депозиттик операциянын канча түрү бар?

3) Банктар аралык кредиттин натыйжалуулугу?

4) Коммерциялык банктардын активдүү операцияларына мүнөздөмө бериниз.

5) Кассалык операция деген эмне?

6) Кредиттин формалары жана принциптери.

7) КБдын баалуу кагаздар менен болгон операциялары.

8) КБдын инвестициялык операциялары.

**Студенттерди баалоо**: (1-2 мин)

**Колдонулган адабияттар**:

**Негизги**:

1) Г. Н. Белоглазов, Акча, кредит жана банк: окуу куралы/М.: 2018.- 245-б.

2) Б.Р. Жолдошев, А.А. Эргешбаева, М.Т. Зикираев «Акча, кредит жана банк», Ош ш., ОшТУ, 2012-ж, 91-б.

3) О.И. Лаврушин, "Банк иши", М.: «Финансы жана статистика», 2019-ж., 115-б.

4) Г.А.Сансызбаева, «Акча, кредит жана банк», Б.: КЭУ, 2014-ж., 239-б.

***Кошумча:***

5) «Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы жөнүндө» Мыйзамы;

6) «Банк жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө» Мыйзамы.

## Лекциялык сабактын сапаты жөнүндө корутунду

Кафедрасы Экономика жана финансы каф.
Дисциплинасы Акча, кредит жана банк
Адистик Бухучет, финансы Курсу III
Окутуу формасы күндүзгү Тайпасы БУА-21, ФК-21 Датасы 18.10.23.
Сабактын темасы Коммерциялык банктардын активдүү жана пассивдүү операциялары
Окутуучунун аты-жөнү Кериева Т.

| № п/п | Лекциялык сабакты баалоочу көрсөткүчтөр | Баа (5 баллга чейин) |
|---|---|---|
| 1 | **Лекцияны пландаштыруу** | |
| 1.1. | Лекциянын темасынын жумушчу программага дал келиши | 5 |
| 1.2. | Лекциянын суроолорунун структурасынын дал келиши | 5 |
| 1.3. | Лекция окуу убактысынын бөлүнүшү андагы суроолорго туура келеби | 5 |
| 1.4. | Лекция окуу убактысынын ичинде студенттердин көңүлүнүн активдүү форма менен бурулушу | 4 |
| 1.5. | Лекциянын мазмундуу бөлүгүнүн(көрсөтмө куралдар,техникалык каражаттар ж.б.) кайсыл бир тарапка басым жасалышы. | 5 |
| 2 | **Лекция сабагын уюштуруу.** | |
| 2.1. | Лекциянын өз убактысында башталышы | 5 |
| 2.2. | Лекциянын интер активдуу каражаттар менен камсыз болушу | 5 |
| 2.3. | лекции материалдык-техникалык каражаттар менен камсыздалышы | 5 |
| 2.4. | Аудиториянын лекция өтүүгө болгон даярдыгы | 5 |
| 2.5. | Студенттердин лекцияда олтургандыгына көзөмөл салуу | 4 |
| 3 | **Лекциянын мазмуну** | |
| 3.1. | Лекциянын мазмуну жана андагы суроолордун ачылыш даражасы | 4 |
| 3.2. | Окуу материалынын предметтер аралык жана ички предметтер аралык байланыштар менен камсыздалышы | 4 |
| 3.3. | Окулуп жаткан материалдын илимий-теориялык деңгээли | 5 |
| 3.4. | Лекциялык окутуу материалдарындагы көйгөйлөр | 4 |
| 3.5. | Билим берүүдөгү практикалык багыт | 4 |
| 4 | **Окутуучунун дидактикалык ишмердүүлүгү** | |
| 4.1. | лекциянын жүрүшүндө студент менен кайра байланышуу | 4 |
| 4.2. | лекциянын материалын жеткиликтүү берилүүсү. | 5 |
| 4.3. | лекциянын материалын ыраатгуу берилүүсү | 5 |
| 4.4. | лекциянын материалынын көрсөтмөлөр мнен берилүүсү | 5 |
| 4.5. | Лекциялык материалдардын системалуулугу | 5 |

| | | |
|---|---|---|
| **5** | **Окутуучунун кесиптик деңгээли** | |
| 5.1. | Окуу материалдары менен эркин сабак өтүү | 5 |
| 5.2. | Окуу материалдарын ачык даана тыкандык менен түшүндүрүп берүү | 5 |
| 5.3. | Окутуучунун методикалык билими | 4 |
| 5.4. | Заман талабындагы педагогиканын технологияларын билүү | 5 |
| 5.5. | Сүйлөө маданияты, ачууланбоо жана педагогикалык тартипти сактоо | 5 |
| **6** | **Студенттердин сабак учурундагы иш- аракеттери** | |
| 6.1. | Студенттердин уюшумдуулугу жана тартиби | 5 |
| 6.2. | Студенттердин активдүүлүгү жана кызыгуусу | 4 |
| 6.3. | Студенттерде жалпы жана атайын билиминин өнүгүү деңгээли | 4 |
| 6.4. | Студенттердин үйрөнүүгө жана жасай билүүгө аракеттеринин деңгээлинин калыптанышы | 4 |
| 6.5. | Студенттердин сабак өткөн мугалимге болгон мамилесинин стили | 5 |
| **7** | **Жалпы жыйынтык** | |
| 7.1. | Лекциянын максатынын окуу программасынын талаптары менен дал келүүсү | 5 |
| 7.2. | Өтүлгөн лекциянын студенттерге тийгизген таасири | 4 |
| 7.3. | Лекциянын студенттердин өз алдынча иштөөсүнө жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүнө таасир бериши | 4 |
| 7.4. | Студенттердин кесип көй адис болуп калыптануудагы лекциянын ролу | 4 |
| 7.5. | Сабактын студенттерге тийгизген тарбиялык таасири | 4 |

| *Лекциянын сапатын баалоо варианттары* | *Баанын дэңгээлине мунөздөмө* | *Балл* |
|---|---|---|
| Жогорку же жогорку деңгээлге татыктуу сабак | Кемчиликтер бегиленген жок, болсо дагы абдан майда сезилбеген кемчиликтер | 5 ✓ |
| Жакшыга татыктуу жана ортодон жогорку деңгээлде | Айрым болоор болбос кемчиликтер же оңдоп түзөөгө болотурган кемчиликтер | 4 |
| Канааттандыралык деңгээлде | Кемчиликтер кетирилгендиги анык | 3 |
| Канааттандыраарлык эмес деңгээл | Көптөгөн кемчиликтер аныкталды | 2 |

Эскертүү:ар бир сабака кирген адам жеке толтурат

**Сабакка катышкан окутуучунун колу, аты жөнү** ________ Тиофов С. Б.

**Жыйынтык менен тааныштым (ачык сабак өткөн мугалимдин колу**________

**Экономика жана каржы кафедрасынын ачык сабактарды өтүүсүнүн**

# №2 ПРОТОКОЛУ.

Ош шаары, ОшТУ 2-ноябрь, 2023- жыл

Э(БУиА)-1-22

**Президиумдун мүчөлөрү:**
Зикираев М.Т. – доц., э.и.к., кафедра башчысы
Баймуратов А.А. – проф., э.и.к.
Кутманбекова А.А. – проф., э.и.к.
Батыр уулу А., Парпиева Ф.С. – э.и.к.
Омошева Б.И.– доцент ОшТУ
ага окутуучулар: Дыйканова Г.А., Кадырова Т.К., Жусупова Г.Д., Кайыпкулова А.С.
окутуучулар: Кудайбердиева А.С., Пазылова А.С.
Факультеттин УКнин мүчөсү: доц. м.а. Жолдошов Б.Р.
Катышкандар: Умаров С.А., Мадалиева Ж.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1. доц. Зикираев М.Т. "Өнөр жай – өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизи " деген темада өткөргөн ачык сабагын талкуулоо.**

Чогулушту факультеттин УКнин мүчөсү доц. м.а., Жолдошов Б.Р. ачты.

**доц. м.а., Жолдошов Б.Р.:** . Практикалык сабак өз убагында башталды. Окутуучунун сабакты баштоосу, студенттер менен иш алып баруусу, өзүн эркин сезүүсү жогорку деңгээлде. Ачык сабакты өтүүдө бардык интерактивдик усулдар колдонулду. Студенттер менен өз ара байланыш жакшы деңгээлде. Ачык сабак өз максатына жетти.

**ага окутуучу Кадырова Т.К..:** Сабак жогорку деңгээлде өтүлдү. Студенттер менен байланыш жана уюштуруу жакшы болду.. Себеби сабак өтүүдө студенттерге слайддарды көрсөтүп, жаңы ыкмалар менен сабак өттүң. Сабакта интерактивдүү усулдар колдонулду.Ачык сабак өз максатына жетти.

**доц. Батыр у.А.:** Сабак өз убагында башталды. Студенттердин сабакка катышуусу жакшы, студенттерди активдүүлүгү, сабакка даярданганы жакшы. Практикалык сабак өз нугунда өттү. Практикалык материалдар жакшы даярдалган. Слайддар студенттер үчүн кызыктуу түзүлгөн. Материалдар жеткиликтүү, түшүнүктүү болду. Окутуучу менен студенттердин ортосунда байланыш жогорку деңгээлде. Ачык сабак өз максатына жетти.

**ББжСИ кафед. окутуучусу Мадалиева Ж.:** Ачык сабактын жүрүүсү боюнча мен корутундулап кетсем. Ачык сабак жогорку деңгээлде өттү. Практикалык сабак интерактивдүү усулдар колдонулду. Материалдар жакшы түзүлгөн. Окутуучунун практкиалык сабакта студенттерге түшүндүрүүсү дагы жогорку деңгээлде. Сабакта өзүн алып жүрүү этикасы, түшүндүрүү маданияты, студенттер менен болгон мамилеси талапка жооп берет.

Жыйынтыктап айтканда ачык сабак өз максатына жетти.

Жогорудагы күн тартибиндеги маселени карап чыгып, кафедра жамааты төмөнкүдөй токтом кылат.

**Токтом:**

1. Ачык сабакка катышкан окутуучулардын корутундусунун негизинде доц. Зикираев М.Т. өткөргөн ачык сабагы өз максатына жетти.

**Жыйындын төрагасы:** **доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**

**«Улуттук экономика» предмети боюнча**

**ачык сабактын планы**

**Сабакты өтүү күнү:** 2-ноябрь, 2023-жыл

**Орду жана убактысы:** 1/504-ауд., 5-этаж, саат $11^{50}$

**Тайпасы:** Э(БУиА)-22

**Ачык сабактын темасы:** «Өнөр жай – өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизи»

**Сабакты уюштуруу**: (3 мин.)

1) Студенттерди жоктоо, негизги материалдар менен камсыздоо (флирпчарт, маркер, бор, тряпка ж.б.)

2) Көрсөтмө куралдар: проектор, ноутбук, плакаттар, слайддар, таркатылуучу материалдар.

**Сабактын түрү**: семинардык сабак

**Сабактын максаты**: Өнөр жай тармагын тереңирээк окуп үйрөнүү: өнөр жайдын байыркы тарыхын, Кыргызстандын өнөр жай тармагы калыптанышынын биринчи кадамдарын жана анын учурдагы структурасы, Улуттук экономикага кошкон салымынын экономикалык мааниси жактан терең кароо, аны менен бирге дүйнөлүк тажрыйба: өнүккөн мамлекеттердин учурдагы өнөр жайынын өсүү өзгөчөлүктөрүн студенттерге жалпы маалымат берүү.

**Негизги калыптандыруучу компетенциялар:**

**ИК-2** – мамлекеттик, расмий тилдерде оозеки жана жазуу жүзүндө сүйлөөнү логикалык жактан туура, негиздүү жана так түзө билүүгө жөндөмдүү болот.

**ПК-2** – стандарттык методдордун жана колдонуудагы ченемдик укуктук базанын негизинде чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишин мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептей алат.

**ПК-4** – коюлган экономикалык маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана кайра иштетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.

**Окуу натыйжалары (РО):**

**РО-2.** Командада иштей алууга, өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарына сын көз менен баа бере алууга, мамлекеттик жана расмий тилдерди жетиштүү деңгээлде, ошондой эле социалдык коммуникация деңгээлинде чет тилдердин бирин билүүгө жөндөмдүү болот.

**РО-4**. Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишинин экономикалык көрсөткүчтөрүн чогултуу, талдоо, эсептөө жана сунуштай алууга жөндөмдүү болот.

**РО-5.** Маалыматтарды чогултуу жана иштетүү ыкмаларын билет жана инструменттерди тандап, бухгалтердик жана салыктык отчеттуулукту талдоо, чечмелөө жана башкаруу чечимдерин кабыл ала алат.

**Сабактар аралык байланышы**: "Макроэкономика", «Микроэкономика», «Кыргызстандын географиясы» предметтери менен тыгыз байланышта.

**Сабактын методу**: интерактивдүү, мээге чабуул.

**Сабактын жүрүшү**:

**1. Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн студенттер менен иш алып баруу** (5-10 мин.) – студенттерге суроо берүү менен өтүлгөн темаларды бышыктоо.

Суроолор:

1. *Улуттук экономика предмети эмнени үйрөтөт?*
2. *Кайсыл предметтер менен бул курс жакын деп эсептелинет?*
3. *Кайсыл макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү атай аласыздар?*
4. *Улуттук экономиканын өткөөл рынок шартына өтүүгө эмне түрткү берди?*
5. *Мүлк бул экономикалык чоң мааниге ээ болгон категория, аны аныктап бериңиздер?*
6. *Улуттук экономиканын структурасы жөнүндө эмне айта аласыздар?*

**2. Жаңы тема:** «Өнөр жай – өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизи» (50-60 мин.)

Планы:

1. Өнөр жайдын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары

2. Өнөр жайдын структурасы

3. Кыргызстандын өнөр жай сектору приоритеттүү тармак катары

4. Кыргызстандын өнөр жайынын негизги көрсөткүчтөрү.

**Сабактын негизин ачуучу суроолор:**

1. Өнөр жай деп эмнени түшүнөсүздөр?

2. Өнөр жайдын байыркы өнүгүү кадамдары жөнүндө эмне айта аласыздар?

3. Мамлекетибиздин өнөр жай тармагынын өнүгүү этаптары жөнүндө эмнелерди белгилесек болот.

4. Мамлекеттин өнөр жай тармагынын структурасы кандай?

5. Дүйнөлүк өнүккөн мамлекеттердин мисалында өнөр жай структурасы боюнча кайсы мамлекеттерди мисал катары айтсак болот?

6. Жакын кошуна мамлекеттердин приоритеттүү өнөр жай тармактары жөнүндө эмне айта аласыздар.

7. Кытай мамлекетинин өнөр жайы эмнеси менен өзгөчөлөнөт?

**3. Практикалык иш.**

Студенттерди эки топко бөлүп иш алып баруу:

Тапшырма: Улуттук өнөр жай 2 багытка бөлүнөт:

Өндүрүү (көмүр, нефть, газ, химия, тоо кендери)

жана

Кайра иштетүү (энергетика, метталлургия, машина куруу, химия өндүрүү, жеңил жана тамак-аш)

- Биринчи топко берилүүчү тапшырма
- Экинчи топко берилүүчү тапшырма

**4. Жаңы теманы бышыктоо үчүн суроолор:** (5 мин.)

1. Өнөр жай мамлекеттин экономикасынын өнүгүүсүндө кандай ролду ойнойт?

2. Улуттук ички дүң продукцияны өндүрүүдө өнөр жайдын салымы кандай?

3. Кайсы өнөр жайдын багыттары приоритеттүү болуп саналат?

4. Тоо кендерди иштетүү боюнча кандай маалыматтарды билесиздер?

5. Энергетика тармагы боюнча эмнелерди айта аласыздар?

6. Нефть, газ өндүрүү өнөр жайдын негизги багыты болуп саналат, Кыргызстанда бул тармактын абалы кандай?

**Студенттерди баалоо**: (1-2 мин)

**Колдонулган адабияттар**:

**Негизги**:

1) Аюпов А.Н. Улуттук экономика: Усулдук көрсөтмө / Бишкек: Басмакана КРСУ, 2019.

2) Кыргыз Республикасынын экономикасынын тармактарын өнүктүрүү жана жайгаштыруу программасы. Бишкек: ЦЭиСР МЭРПТ КР, 2018.

3) Турсунова С. Кыргыз Республикасынын финансысы: Окуу куралы / КР ИжБМ; Ж.Баласагын ат. КУУ. Бишкек, 2014.

4) Камчыбеков Т.К., Атышов К., Бакас уулу Б., Кыргыз Республикасынын экономикасы – Б.: М.Рыскулбеков ат. КЭУ, 2018. – 717с.

**Кошумча:**

1. В.М. Плоских, О.А. Иванов, Экономикалык теория. 2017.

2. Г. Б. Поляков, А.Н. Марков, Дүйнө экономикасынын тарыхы. - М: ЮНИТИ, 2019.

3. Берх К. Жалпы моделдөө теориясы жана изилдөө. М.: 2019.

4. Жеймс Д. Гвартни, Ричард Л. Строуп, Дуайт Р. Ли. Жүйөлүү экономика. 2020.

## Өтүлгөн ачык сабактын сапаты тууралуу комиссиянын жалпы КОРУТУНДУСУ

Зикираев Марат Молдогонович

окутуучунун аты жөнү

**Сабак жөнүндө жалпы маалымат:**

Датасы 2.11-23 Тайпасы ЭБУ-1-22 Дисциплинасы

Ачык сабакты өткөрүү формасы (мастер-класс/ ачыксабак/өзу сынап көрүү сабагы)

Сабактын түрү (лекциялык/практикалык/лабораториялык сабак

Сабактын темасы Өндүр жана – өндүрүштүк экономикалык эффек-н жогорулатуунун негизи

Сабактын максаты студенттерге улуттук экономиканын көп тармактуулугун, ар бир тарм. өндүр-н ... түшүндүрүү

**Сабакты уюштуруу:**

Окутуучунун сабагынын планынын бардыгы же жоктугу, сабактын структурасы анын элементи тизмектелиши. убакытка бөлүнүшү мазмуну жана коюлган максаты.

сабактын планы убагында так жана даана белгиленген, комп. көрсөтүүгө

студенттер менен иштөө формасы (фронталдуу/группа менен иштөө/ жеке иштөө)

бардык формалар колдонулду

**Сабактын мазмуну:**

Сабактын мазмунунун МББС талаптарына жооп бериши, жумушчу программага дал келиши. сабактын мазмуну МББС талаптарына толугу менен жооп берет

Окутуучу сабака тийиштүү материалды тура тандагандыгы, илимий аныктамаларынын бардыгы. мугалим тарабынан сабакка байланыштуу илимий маалымат туура тандалган

Теория менен практиканын байланышы ( билимдин практикалык маанилүүлүгүнүн ачылышы, алынган билимин практикада колдонулушу)

Теория менен практиканын байланыштары, предметтер аралык байланыштар жогору

Студент курстук иштерде өз алдынча илмий иштерди,ачылыштарды жасагандыгы(ооба/жок) өз алдынча студ. иштер көрсөт.

Ички предметтер жана предметтер аралык байланыштар Ички жана предметтер аралык байланыштар бар

Артүрдүү маалымат булактарменен байланышуу(негизги жана кошумча адабияттардын жана башка булактардын тизмеси) маалымат булактары негизги жана кошумча адабияттар сунушталган.

**Сабактагы усулдук ыкмалар:**

Сабактын жүрүшүндө кандай жаны усулдук ыкмалар жана технологиялар колдонулду Сабактын жүрүшүндө доска, ноутбук,

ж.б көрсөтмө куралдар, дидактикалык материалдар көргөзмө куралдар, дидактикалык мат-р колдонулду

ыкмалардын сабакка пайдасы тийдиби сабак мазмунун кандай болду, студенттердин даярдык деңгээли. Алынган натыйжалар, инновациялык методдор жана ыкмалар

Практика сабагында иннов-р методу, мээге чабуул ж.б колдонулду

студенттердин сабактагы активдүүлүгү,алар менен дифференциалдуу жолдор менен

иштөө Сабактын туруунда студенттерди тартуу үчүн ... методдор колдонулду

СӨИни уюштуруу студенттерге СӨИнин варианттары берилген

студенттердин билимин контролдоо

сабактын жыйынтыгын чыгаруу сабактын жыйынтыгын чыгаруу, ар бир студ. баалоо менен

коюлган максатка жетишүү жетишти. сабак өз максатына жетти.

**Өтүлгөн сабактын түрүнө жараша мүнөздөмө берүү (лекциялык, практикалык, лабораториялык сабак):**

Сабакка жакшы маанайда ой пикир калтыруу жана тажрыйбаны жайылтуу: Сабак кызыктуу жана конкреттүү маалыматтарга бай болду. Окуучунун бардык тарабтарын — өзгөчө маалыматтар менен камтуу

Эскертүүлөр,жетишбестиктер: студенттерге тарамактар боюнча статистикалык маалыматтар жана слайддар менен иштөөгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү.

**Баа:** 5 балл.

**Тыянак:**

1)кафедрага окутуучулук, же ага окутуучулук ваканттык орунга кандидатурасынсунуштоого сунуштама берүү же бербөө; конкурска доцент конкурсуна сунушталат

2)мурдагы өтүлгөн ачык сабактарга берилген сын пикирлер жана андагы жетишпестиктер жоюлган же мурдагыдай эле абалда калгандыгы;

3)ачык сабакты кайталап өтүү талабы коюлат жекоюлбайт;

4)ачык сабактын сапатын белгилөө менен анын методдору, формалары жана ыкмалары окуу жайда жайылтылышы боюнчасунуштар;

**Сунуштар**:

*Тыянак менен тааныштым*

Сабака катышкандардын аты жөнү Мамбетов Б.Р. колу

Окутуучунун аты жөнү Зикиряев М. колу

Кафедра башчысы колу

Датасы: числосу 2 айы 11 жылы 2023